КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXVI сессиясы**

**Токтом № 215**

16-сентябрь 2024-жыл — Сүлүктү шаары

**Сүлүктү шаарынын аймагындагы маршруттук каттамдардын жол кире акысын бекитүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын мэриясынын 20.08.2024ж. 01-7/2245 чыгыш сандагы Сүлүктү шаарынын аймагындагы маршруттук каттамдардын жол кире акысын бекитүү жөнүндөгү каты боюнча Сүлүктү шаардык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013жылдын 23-сентябрындагы №519 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасыда автоунаа транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууларды уюштуруунун Эрежелеринин" 166 беренесине жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, беренесине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

Сүлүктү шаарынын аймагындагы маршруттук каттамдардын жол кире акысы 20 сом, окуучулар үчүн 10 сом өлчөмүндө бекитилсин

1. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык мэрияга жүктөлсүн.

Төраганын орун басары — У.А. Акимов